**ММК фондунун 2024 жылдын 1 кварталында жарандардын кайрылуулары боюнча жургүзүлгөн иштер**

2024-жылдын 1 кварталында ММК фондуна жарандардан 7647 кайрылуу келип түшкөн, анын ичинде 113 Шыр байланышына – 6933 кайрылуу; ММК фондунун аймактык башкармалыктарына – 129 оозеки кайрылуу, кат жүзүндө – 191, коомдук кабылдамага каттагандар – 297, электрондук - 97.

Кайрылуулардын негизги бөлүгү Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык кызмат алуу, кошумча төлөм төлөө, коронавирус, ММК полисин сатып алуу, жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу, камсыздандыруу статусун текшерүү, гемодиализ кызматы ж.б. маселелер боюнча кеңеш суроо иретинде келип түшкөн кайрылуулар болуп эсептелет.

43 даттануу келип түштү, анын ичинде 22 (51%) тастыкталды. Бардык даттануулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө каралып чыкты. Даттанууларды карап чыгуунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй чаралар көрулдү: 3 учурда сөгүш берилди; 4 учурда эскертүү берилди; 18 учурда этика боюнча комиссияда каралды.

Баардык кайрылууларга телефон аркылуу консультациялар жана кат жүзүндө жооптор берилген, ошондой эле бейтаптарга специалистерден консультация алууга жана ооруканаларга жатууга жардам көрсөтүлгөн.